# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР ЧӨЙРӨСҮНДӨ КОНТРАКТТАРДЫ БАНКТЫК КОШТОО ЖАГЫНДА КӨП БЕРИЛГЕН СУРООЛОРГО ЖООПТОР[1]

## САТЫП АЛУУЧУ УЮМДАРГА
## КӨП БЕРИЛҮҮЧҮ СУРООЛОР

---

**Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө какйсыл контракттарга карата банктык коштоого алуу колдонулат?**

Жооп: Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №522-токтому менен бекитилген (*Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2023-жылдын 14-августундагы №381 токтомунун редакциясында*) Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоп жүрүүнү камсыз кылуу тартибинин (мындан ары – Тартип) 10-главасына ылайык, мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоо төмөндөгү контракттарга карата колдонулат:

1) курулушка, реконструкциялоо ишине, капиталдык ремонттон өткөрүү, имаратты, курулманы же объектти бузууга, анын ичинде автоунаа жолдорун, жол курулмаларын, инжинердик системаларлды, түйүндөрдү жана коммуникацияларды, капиталдык жана жарандык курулуштун башка объекттерин бузууга байланыштуу **иштерди аткаруу** предмети болгон сатып алуулар боюнча контракттарга**;**
2) Кыргыз Республикасынын жана Евразия Экономикалык биригинин катышуучу-мамлекеттеринин берүүчүлөрү тарабынан **товарларды берүү,** наркы 5 000 000 (беш миллион) сомго барабар же андан ашкан **кызматтарды көрсөтүү** предмети болгогн сатып алуулар боюнча контракттарга.

Төмөндөгү сатып алуулар алкагында Тартиптин 4-пунктунда белгиленген контракттарга карата банктык коштоо **колдонулбайт**:

1) Мыйзамдын[2] 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунда (берене алынып салынган), ошондой эле Мыйзамдын 17-беренесинин 3-бөлүгүнүн3-14-пункттарында каралгандар.

2) электрондук каталог аркылуу;

3) берүүчү катары мамлекеттик жана/же муниципалдык ишкана, уставдык капиталында катышуу үлүшүнүн 50 же андан көп пайызы мамлекетке таандык болгон акционердик коом, анын ичинде коомдун туунду чарба жүргүзүүчү мекемеси чыккан кезде.

---

[1] Текст боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №522-токтому менен бекитилген Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоп жүрүүнү камсыз кылуу тартибинде (мындан ары – Тартип), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 28-октябрындагы №169-Б “Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоону ишке киргизүү боюнча иш-чаралар тууарасында” буйругу менен бекитилген сатып алуучу уюм менен ыйгарым укуктуу банктын ортосунда түзүлүүчү банктык коштоо жөнүндө типтүү келишимде каралган терминдер жана аныктамалар пайдаланылган.

[2] Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 30-январындагы №19 жана 25-июлундагы №147-мыйзамдарынын редакциясында)

**Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоо тартибин түшүндүрүп берген документтердин типтүү формаларын жана усулдук материалдарды кайдан табууга болот?**

**Жооп**: Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоо тартибин түшүндүрүп берген документтердин типтүү формалары жана усулдук материалдар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин бул жердеги расмий сайтында, ошондой эле ыйгарым укуктуу банктардын сайттарындагы "Банктык коштоп жүрүү" бөлүгүндө жайгаштарылган.
Шилтеме: https://www.minfin.kg/posts/bankoskoe-soprovozhdeniya-kontraktov
Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин циркулярдык каттарына шилтеме:
http://zakupki.gov.kg/popp/download?key=XAeWsgHRu9l4PZp6eTxrADnIvjyL89s7xqgKdbwX%2Biny8hl22XWNhprW7dfWG9u8sVyH3MBP99Hh7e6VMpyXEw%3D%3D
http://zakupki.gov.kg/popp/download?key=XAeWsgHRu9l4PZp6eTxrADnIvjyL89s7xqgKdbwX%2Biny8hl22XWNhprW7dfWG9u8fzpQPuuvxBfh7e6VMpyXEw%3D%3D
http://zakupki.gov.kg/popp/download?key=XAeWsgHRu9l4PZp6eTxrADnIvjyL89s7xqgKdbwX%2Biny8hl22XWNhprW7dfWG9u8BdNrxfMFRSvh7e6VMpyXEw%3D%3D
http://zakupki.gov.kg/popp/download?key=XAeWsgHRu9l4PZp6eTxrADnIvjyL89s7xqgKdbwX%2Biny8hl22XWNhprW7dfWG9u8B7LlrVf6wpXh7e6VMpyXEw%3D%3D

Ыйгарым укуктуу банктардын сайттарына шилтеме:
«Айыл Банк» ААКысы: https://ab.kg/bankovskie-uslugi-uslugi_bsk/uslugi_bsk
«Керемет Банк» ААКысы: https://keremetbank.kg/ru/business/bankovskoe-soprovozhdenie-kontraktov
«РСК Банк» ААКысы: https://www.rsk.kg/ru/ur/bsoprovojdenie

---

**Катышуучулар үчүн мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоо боюнча ыйгарым укуктуу банктардын кызмат көрсөтүүлөрү канча турат?**

**Жооп**: Тартиптин 10-пунктуна ылайык, мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоо ыйгарым укуктуу банк тарабынан акысыз ишке ашырылат.
Ушул сыяктуу эле формулировка сатып алуучу уюм менен ыйгарым укуктуу банктын ортосунда түзүлүүчү банктык коштоо жөнүндө типтүү келишимдин 9.1-пунктунда да камтылган (Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 28-октябрындагы №169-Б "Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоону ишке киргизүү боюнча иш-чаралар жөнүндө" буйругу менен бекитилген).

---

**Сатып алуучу уюмдар банктык коштоо жыйынтыктары жөнүндөгү кат жүзүндөгү/электрондук формадагы отчеттуулукту Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине өз алдынча беришеби?**

**Жооп**: Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоп жүрүүнү камсыз кылуу тартибинин 17-пунктуна ылайык, ыйгарым укуктуу

банктар “Контрактты банктык коштоонун интерактивдүү отчеттуулугу” сервисин пайдалануу менен реалдуу убакыт ыргагында контрактты банктык коштоо жыйынтыктары тууралуу отчетту (маалыматты) сатып алуучу уюмдарга жана мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга (башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине), ошондой эле банктык коштоо жөнүндөгү келишимде аныкталган башка жактарга берет.

Берүүчүлөр жана кошо аткаруучулар, ыйгарым укуктуу банк менен өзүнчө эсеп келишимин түзүү менен ыйгарым укуктуу банкттарга өзүнүн кат жүзүндөгү макулдугун беришет.

---

**Берүүчүлөр кайсыл документтердин негизинде мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттар аткарылгандыгы тууралуу маалыматты сатып алуучу уюмдарга жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине ачып берүүгө макулдугун беришет?**

**Жооп**: Берүүчү менен кошо аткаруучулар ыйгарым укуктуу банк менен түзүлгөн өзүнчө эсеп келишиминин негизинде, берүүчү жана кошо аткаруучу банктык сырды түзгөн маалыматтарды жана документтерди Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берүүгө макулдугун беришет.

---

**Сатып алуучу уюм ыйгарым укуктуу банк менен банктык коштоо келишимин сатып алуу процедурасын өткөргөнгө чейин эле түзө алабы?**

**Жооп**: Ооба, түзө алат. Бардык сатып алуучу уюмдарга банктык коштоо келишимин Кыргыз Республикасынын бардык үч ыйгарым укуктуу банкы – "Айыл Банк" ААКысы, “Керемет Банк” ААКысы жана “РСК Банк” ААКысы менен алдын-ала түзүп алууну сунуштайбыз

Мындан тышкары, бардык ыйгарым укуктуу банктар менен контракт түзүлгөнгө чейин келишим түзүү жөнүндөгү талап Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №522 “Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоп жүрүүнү ишке ашыруу жөнүндө” токтомунда каралган.

---

**Жаңы мамлекеттик сатып алуу учурунда сатып алуучу уюм ар бир ирет ыйгарым укуктуу банк менен Банктык коштоо жөнүндө жаңы келишим түзүүсү керекпи?**

**Жооп**: Ар бир ыйгарым укуктуу банк менен банктык коштоо жөнүндө келишим алкактык болуп саналат, аны сатып алуучу уюм ыйгарым укуктуу банк менен бир ирет түзүлөт жана узартууну талап кылбайт. Банктык коштоо контракттары банктык коштоо жөнүндө алкактык келишимдин тиркемеси болуп саналган банктык коштоого өтүнүчтүн негизинде банктык коштоо үчүн ыйгарым укуктуу банкка берилет.

---

**Эгерде ал алар үчүн каралган болсо, коштоо контракты боюнча алдын-ала төлөө өзүнчө эсептерге жүзөгө ашырылабы?**


**Жооп**: Банктыка коштоо контракттары боюнча бардык төлөмдөр (авансттарды кошо алганда) берүүчүнүн өзүнчө эсебине жүзөгө ашырылууга тийиш

---

**Банктык коштоодо олуттуулук лимити кандай колдонулат?**

**Олуттуулук лимити деген: а) белгилүү бир аткаруучунун ар бир контрагентине же б) белгилүү бир аткаруучунун баардык контрагенттерине каралган сумма.**

**Жооп**: Олуттуулук лимити, коштоо контрактын аткаруунун алкагында кошо аткаруучулардын (субподрядчы, берүүчү) ар бири менен түзүлгөн контракттардын жеткен чектеги жалпы суммасы болуп саналат, аны сактоо аларды башка контрагенттерге киргизүү үчүн негиз болуп саналат, алар менен эсептешүүлөр өзүнчө эсепти пайдалануусуз ишке ашырылат.
Схеманы караңыз:




Олуттуулук лимити, коштоо контрактынын баасынан/наркынан 5% (КНСти эске алганда), бирок кеминде 75 000 сом жана 3 000 000 сомдон ашпаган өлчөмдө белгиленет. Өзгөчө жагдайларда гана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашуу менен айкын банктык коштоого алынган контракттар боюнча белгиленген лимит 5 000 000 сомго чейин көбөйтүлүшү мүмкүн.
Сатып алуучу уюмдарга, Банктык коштоого өтүнүчтө белгиленген лимитти белгилөө зарылчылыгына көңүл бурууну сунуштайбыз (2-п.):

*Милдеттүү түрдө толтурулат:*

***18) Коштоо контрагынын/контракттын баасынын/наркынын ___ % өлчөмүндө, коштомо чыгашаларга тиешелүү болгон товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү тикелей берүүчүлөр, бирок аны менен чектелбегендер:***
***А) кызматтык сапар жана жашоо боюнча кызматтар, ошондой эле жумушчунун кызматтык иш сапардагы кызматтык сапары жана жашоосун уюштуруу боюнча кызматтар, ошондой эле өндүрүш ыргагында вахты кыкмасында иш алып баруу;***
***Б) жумушчуларды ташуу боюнча кызматтар;***
***В) жумушчулардын тамактануусун уюштуруу боюнча кызматтар;***
***Г) байланыш кызматтары, анын ичинде уюлдук байланыш менен камсыз кылуу***

**Кошумча чыгашалар белгиленген лимит суммасына кошулабы?**

**Жооп**: Жок, кошумча чыгашалар белгиленген лимит суммаларына кошулбайт. Сатып алуучу уюмдарга, Банктык коштоо өтүнүчүндө коштоо контрактынын баасынан (наркынан) кошумча чыгашалардын жол берилген пайыздык деңгээлин белгилөө зарылчылыгына көңүл бурууну сунуштайбыз (3-п., 3.2-кп.18-абз.)

***18) Коштоо контрагынын/контракттын баасынын/наркынын ___ % өлчөмүндө, коштомо чыгашаларга тиешелүү болгон товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү тикелей берүүчүлөр, бирок аны менен чектелбегендер:***
***А) кызматтык сапар жана жашоо боюнча кызматтар, ошондой эле жумушчунун кызматтык иш сапардагы кызматтык сапары жана жашоосун уюштуруу боюнча кызматтар, ошондой эле өндүрүш ыргагында вахты кыкмасында иш алып баруу;***
***Б) жумушчуларды ташуу боюнча кызматтар;***
***В) жумушчулардын тамактануусун уюштуруу боюнча кызматтар;***
***Г) байланыш кызматтары, анын ичинде уюлдук байланыш менен камсыз кылуу***

---

**Аткаруучу банктык коштоо келишимин аткаруучу/ишке ашыруучу Катышуучудан эмнеси менен айырмаланат?**

**Жооп**: Аткаруучу – бул, сатып алуучу уюм менен коштоо контрагын түзгөн берүүчү.
Аткаруу/жүзөгө ашыруу катышуучусу – бул берүүчү же болбосо аткаруу/ишке ашыруунун башка катышуучулары менен контрактка келишишкен бардык жактар.

---

**Сатып алуучу уюм банктык коштоо билдирмесинде банктык коштоонун жеке параметрлерин белгилей алабы? Ыйгарым укуктуу банк тарабынан кабыл алынган банктык коштоо өтүнүчүндө белгиленген банктык коштоо параметрлерин өзгөртүүгө болобу?**

**Жооп**: Сатып алуучу уюм, коштоого алынып жаткан контракттын предметинин спецификасын эске алып, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан бекитилген банктык коштоо боюнча типтүү формада каралган параметрлер алкагында коштоого алынган контракттарга карата банктык коштоонун жеке параметрлерин белгилей алат. Сатып алуучу уюм банктык коштоо жөнүндө келишимдин типтүү формасына карата 3-тиркемеде белгиленген формада банктык коштоо параметрлерин өзгөртүү үчүн ыйгарым укуктуу банкка өтүнүч жөнөтүү менен банктык коштоо параметрлерине оңдоо киргизүүгө укуктуу (Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин расмий сайтында, https://www.minfin.kg/posts/bankoskoe-soprovozhdeniya-kontraktov бул жерде жайгашкан).
Банктык коштоо параметрлеринин олуттуу четтеп кетүүнү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашуу керектигине көңүлүңүздөрдү бурабыз.

**Эгерде, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 17-беренесинин 3-пунктунун 1), 2)-пунктчаларында белгиленген негиздер боюнча мурда келишилген контракттардын наркын (суммасын) жогорулаткан кошумча макулдашууга келишилген учурда, контракттарды банктык коштоо колдонулабы?**

Жооп: Эгерде, эгерде келишилген контракт алгач банктык коштоо шарттарын камтыган болсо, анда банктык коштоо контракка карата кошумча келишилген макулдашууга ылайык сатылып алынуучу товарлардын (жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр) кошумча өлчөмүнө карата колдонулат. Эгерде контракт банктык коштоо шарттарын камтыбаса, анда банктык коштоо колдонулбайт (Тартиптин 3-пунктунун 2-бөлүгүндө белгиленген контракттын жалпы наркы (суммасы) нарктык критерийлерден артып кеткенде дагы).

**БЕРҮҮЧҮЛӨРГӨ**
**КӨП БЕРИЛҮҮЧҮ СУРООЛОР**

---

**Предмети 5 млн. сомдон аз суммага товарларды сатып алуу болуп саналган контрактты түзүү учурунда мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө банктык коштоону колдонуу керекпи?**

**Жооп**: Жок, Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоп жүрүүнү камсыз кылуу тартибинин 3.2.-пунктуна ылайык, сатып алуу предметинен болуп Кыргыз Республикасынын жана Евразия экономикалык бирлигине мүчө-мамлекеттердин берүүчүлөрү тарабынан товарларды берүү саналган, мамлекеттик жана муниципалдык муктаждыктарды камсыз кылуу үчүн түзүлгөн контракттын наркы (суммасы) **5,0 млн. сомго** барабар же андан ашып турушу зарыл.
Предметинен болуп кызматтарды көрсөтүү саналган контракттар үчүн дагы ушундай нарктык критерий белгиленген.

---

**Медициналык жабдууларды берүү учурунда мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө банктык коштоону колдонуу керекпи?**

**Жооп**: Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоп жүрүүнү камсыз кылуу тартибинин 4-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунда жана 17-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-14-пункттарында каралган сатып алуулар алкагында келишилген, ошондой эле электрондук каталог алкагында келишилген контракттарга карата колдонулбайт.
Мисалга алсак, бир булактан сатып алуу ыкмасы менен төмөндөгү сатып алуулар учурунда:

- медициналык жардамдын көрсөтүлүшүн дароо талап кылган;

- Бириккен Улуттар Уюму тарабынан уюштурулган, Министрлер Кабинети менен макулдашууга (меморандумга) кол коюшкан уюмдар (өкүлчүлүктөр) аркылуу дары-дармектерди жана медициналык буюмдарды сатып алуу. Ушул сыяктуу мамлекеттик сатып алууларды уюштуруу тартиби Министрлер Кабинетинин чечими менен белгиленет;
- товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүчү-заводдон, өндүрүүчүдөн же сатып алуу предметине карата интеллектуалдык, автордук же өзгөчө укуктарга ээлик кылган берүүчүдөн сатып алуу.

Ошентип, медициналык жабдууларды сатып алуу Тартиптин 4-пунктунда каралган өзгөчөлөргө киргизилген учурларда, андай сатып алууларга карата банктык коштоо колдонулбайт.

---

**Евразия экономикалык бирлигине мүчө-мамлекеттердин товар берүүчүлөрү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу банктарынан эсеп ачуусу керекпи?**

**Жооп**: Тартиптин 2-главасынын 3-пунтунун 2-пунктчасына ылайык, контрактты банктык коштоо, Тартиптин 2-главасынын 4-пунктунда белгиленген жагдайларды эске албаганда, Кыргыз Республикасынын жана Евразия Экономикалык бирлигинин катышуучу-мамлекеттеринин берүүчүлөрү тарабынан **товарларды берүү,** наркы 5 000 000 (беш миллион) сомго барабар же андан ашкан **кызматтарды көрсөтүү** предмети болгон

мамлекеттик жана муниципалдык муктаждыктарды камсыз кылуу үчүн келишилип жаткан контракттарга карата жүзөгө ашырылат. Мындан тышкары, Тартиптин 3-главасынын 5-пунктунун 5-пунктчасына ылайык, Кыргыз Республикасынын жана ЕАЭБнын кошо аткаруучу резиденттрери контрактты банктык коштоонун катышуучулары болуп саналышат (банктык коштоо жөнүндө келишимде каралгандарды эске албаганда).

Ошентип, ЕАЭБга мүчө-мамлекеттердин товар берүүчүлөрү, алар менен мамлекеттик сатып алуу контракты келишилген же кошо аткаруучулар катары чыккан кезде (өзүнчө эчеп ачылбаган контрагенттерге кирбеген учурларда), алар берүүчү катары чыккан учурда ыйгарым укуктуу банктардан эсептерди ачуусу керек.

---

**Евразия экономикалык бирлигине кирбеген мамлекеттерден, мисалы КЭР, Индия же Германиядан товарларды берүүчүлөр Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу банктарынан эсеп ачуусу керекпи?**

**Жооп**: Еваразия экономикалык бирлигинин резиденттери болуп саналбаган товар берүүчүлөр жана алардын кошо аткаруучулары өзүнчө эсеп ачууга милдеттүү эмес, алар менен контракттар банктык коштоого алынбайт.

---

**Ыйгарым укуктуу банктар курулуш көзөмөлүн жүзөгө ашырып, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн иш жүзүндө келип түшүүсүн контролдойбу?**

**Жооп**: Банктык коштоо жөнүндө типтүү келишимдин 5.7-пунктуна ылайык, ыйгарым укуктуу банк коштоого алынган контракт боюнча товарлардын иш жүзүндө берилиши, жумуштардын, кызматтардын көрсөтүлүшүнүн иш жүзүндө аткарылышы, башка милдеттенмелердин иш жүзүндө аткарылышы жагында иш-чараларды өткөрбөйт.

---

**Эгерде мамлекет контрактка аванс бербесе, берүүчү аны аткаруу үчүн өзүнчө эсепке баардык сумманы (же анын бир бөлүгүн) салышы керекпи же коштоо контрагына келишкенден кийин өзүнчө болуп саналбаган башка эсептерден пайдаланууну уланта алабы?**

**Жооп**: Товарларды берүү, жумуштарды аткаруу жана кызматтарды көрсөтүүгө контракттардын Буйрук менен бекитилген типтүү формалары, берүүчү банктык коштоо контрактына келишкен күндөн тартып өзүнүн кошо аткаруучусу менен бардык эсептешүүлөрдү өзүнүн өзүнчө эсебинен кошо аткаруучусу ошол эле ыйгарым укуктуу банкта ачкан өзүнчө эсепке гана ишке ашыруусу керектиги белгиленген.

Ошентип, башка булактардан (сатып алуучу уюмдан алынган төлөм, өздүк же тартылган каражаттар) коштоо контрагын аткаруу менен байланыштуу болгон эсептешүүлөр өзүнчө эсепти пайдалануу менен ишке ашырылат. Өзүнчө эсепти пайдалануу тартиби өзүнчө эсепке чегерилген өздүк же тартылган каражаттарды кайтарып алууга жол бере тургандыгын белгилей кетүү керек.

---

**Берүүчү мамлекеттик сатып алуулар сынагынан утуп алган жаңы контрактты ишке ашыруу учурунда ыйгарым укуктуу банкты алмаштыра алабы?**

**Жооп**: Ооба, берүүчү ар бир контракты банктык коштоо максатында кайсыл болбосун ыйгарым укуктуу банкты тандай алат.

**Берүүчү узак мөөнөткө каралган жана бир нече баскычтан турган ири курулуш контракттын ишке ашырып жатат. Коштоого алынган контракт боюнча пайда ар бир баскычы аяктагандан кийин алынабы?**

**Жооп**: Банктык коштоо боюнча типтүү өтүнүчтө (банктык коштоо жөнүндө келишимдин типтүү формасына карата тиркемеде) белгиленген өзүнчө эсепти пайдалануу тартибинде, алар боюнча иш/иштин бир бөлүгү аткарылгандан кийин Коштоо контрагында каралган сый акы (пайда) суммасын берүүчүнүн өзүнчө эсебинен өздүк эсептешүү эсебине которуу мүмкүнчүлүгү караштырылган.
Мындан тышкары, өзүнчө эсепти пайдалануу тартибинде сатып алуучу уюм менен макулдашуу аркылуу башка операцияларды жүзөгө ашырууга жол берилген.

*Мисал: 4-пункттун 4.1.-кичи пункту Банктык коштоого өтүнүч:*

***Г) өзүнчө эсептен, өзүнчө эсеп болуп саналбаган өздүк банктык эсептерге которуу:***
***- өзүнчө болуп саналбаган өздүк банктык эсептеринен өзүнчө эсепке мурда чегирлген акча каражаттарынын суммасынан ашпаган акча каражаттарын***
***- коштоо контракты/анын бир бөлүгү аткарылгандан кийин Коштоо контрактында каралган сый акы (пайда) суммасында;***

Мындан тышкары, өзүнчө эсепти пайдалануу тартибинде, банктык коштоонун буюртмачысы болуп саналган сатып алуучу уюм менен макулдашуу аркылуу башка операцияларды жүзөгө ашырууга да жол берилет.

*Мисал. 4-пункттун 4.1-пунктчасы. Банктык коштоого билдирме*

*4. Өзүнчө эсепти пайдалануу тартиби*
*4.1. Өзүнчө эсеп боюнчауруксат берилген операциялар тизмеси:*
*а) акча каражаттарын чектөөсүз чегерүү;*
*б) акча каражаттарын өзүнчө эсептерге которуу;*
*в) акча каражаттарын өзүнчө эсептер болуп саналбаган алуучулардын банктык эсептерине өзүнчө эсептен которуулар:*
*- эгерде акча каражаттарын алуучу Коштоо контракттын жүзөгө ашыруучулардын катышуучуларынын тизмесине кирген болсо, алар менен эсептешүүлөр өзүнчө эсепти пайдаланусуз ишке ашырылат;*
*- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда, каражаттардан өндүрүп алуучулардын тескемелерине ылайык;*
*- Кыргыз Республикасынын чет жактарында каттоодон өтүшкөн контрагенттерге;*
*- банктык коштоонун буюртмачысынын кат жүзүндөгү тапшырмасы/макулдугу боюнча;*

**Берүүчү, өзүнчө болуп саналбаган өздүк банктык эсептерине мурда чегерилген өздүк акча каражаттарын өзүнчө эсептен которо алабы?**

**Жооп**: Ооба, берүүчү өзүнчө эсебинен өзүнчө болуп саналбаган өздүк банктык эсептерине өзүнчө эсепке мурда чегирлген акча каражаттарынын суммасынан ашпаган акча каражаттарын которууга укуктуу.

*Мисал: 4-пункттун 4.1.-кичи пункту Банктык коштоого өтүнүч:*

***Г) өзүнчө эсептен, өзүнчө эсеп болуп саналбаган өздүк банктык эсептерге которуу:***
***- өзүнчө болуп саналбаган өздүк банктык эсептеринен өзүнчө эсепке мурда чегирлген акча каражаттарынын суммасынан ашпаган акча каражаттарын***
***- коштоо контракты/анын бир бөлүгү аткарылгандан кийин Коштоо контрактында каралган сый акы (пайда) суммасында;***

**Берүүчү банктан (анын ичинде ыйгарым укуктуу банктан) өзүнчө эсепке кредит алып, ошондой эле аны пайдалануу үчүн чегерилген пайыздарды ал аркылуу төлөй алабы?**

**Жооп**: Ооба, ыйгарым укуктуу банк коштоо контрагын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон жумуштарды аткаруу, кызматтарды көрсөтүү жана материалдык-техникалык ресурстарды сатып алуусу үчүн берүүчүнүн **өзүнчө эсебине кредит** бере алат. Берүүчүнүн өзүнчө эсебине берилген карыз алууларды, кредиттерди жана алар боюнча пайздарды кайтарып берүү боюнча операцияларына жол берилген.

---

**Берүүчү коштоо контрагы боюнча бажы пошлиналарын төлөө учурунда өзүнчө эсепти пайдаланышы керекпи?**

**Жооп**: Ооба, эгерде ошол чыгашалар коштоо контрагын аткаруу менен байланыштуу болсо.

---

**Берүүчү, кепилдик берилген аманат учурунда зарыл болгон сумманы өзүнчө эсеп аркылуу чегере алабы?**

**Жооп**: Ооба, ага жол берилет.

---

**Коштоо контрагы боюнча милдеттенме толугу менен аткарылгандан кийин берүүчү (кошо аткаруучу) акча каражаттарын канчалык тез ала алат?**

**Жооп**: Коштоо контракты боюнча милдеттенмелер толугу менен аткарылгандан кийин берүүчү ыйгарым укуктуу банкка ниет катын жөнөтөт, ал алынган учурдан тартып 7 жумуш күнү аралыгында кароого алынат. Кароого алуунун жыйынтыгында ниет өтүнүчү оң жагынан чечиле турган болсо, өзүнчө эсеп ыргагын белгилеген кошумча макулдашуу жокко чыгарылат, өзүнчө эсеп эсептешүү эсеби болуп калат, андан улам берүүчү ал эсепте турган акча каражаттарын өзү каалагандай тескөөгө ала алат.

Банк, берүүчү (кошо аткаруучу) төмөнкү шарттар сакталган учурда, кошумча келишимди жокко чыгаруу (Өзүнчө эсеп ыргагын жабуу, токтотуу) ниет өтүнүчүн алгылыктуу кароого алуу тууралуу чечим кабыл алат:

а) эгерде Кардар аткаруучу болсо:

- Коштоого алынган контракт боюнча бардык милдеттенмелер аткарылгандыгы тастыкталганда;
- бардык тийиштүү документтерди тиркөө аркылуу Коштоого алынган контрактты аткаруу максатында ал ишке тарткан кошо аткаруучулар (контрагенттер) менен бардык эсептешүүлөр аяктагандыгы тастыкталганда;
- Банк, милдеттенмелер аткарылгандыгы, анын ичинде коштоо контрагынын алкагында жүзөгө ашырылып жаткан эсептешүүлөр аяктагандыгы тууралуу банктык коштоонун буюртмачысынан билдирме алганда.

б) эгерде Кардар коштоо контрагын жүзөгө ашыруунун Катышуучусу болсо:

- коштоо контрагын аткаруу максатында келишилген контракттар (келишимдер) боюнча бардык милдеттенмелер аткарылгандыгы тастыкталганда;
- бардык тийиштүү документтерди тиркөө аркылуу Коштоого алынган контрактты аткаруу максатында контракттарды (келишимдерди) аткаруу үчүн ал ишке тарткан контрагенттер менен бардык эсептешүүлөр аяктагандыгы коштоо контрактын жүзөгө ашыруунун тиешелүү катышуучусу тарабынан

тастыкталганда.

**ИСД деген эмне?**

**Жооп**: ИСД – котоого алынган конттракттын идентификатору, өзгөчө санарип маани, ал ыйгарым укуктуу банк тарабынан коштоого алынган контрактка ыйгарылат жана которууга билдирме берүүдө коюлат (төлөм тапшырмаларына). ИСД ыйгарым укуктуу банк тарабынан кабыл алынган банктык коштоо билдирмесинде көрсөтүлөт жана сатып алуучу уюмдун берүүчүсүнө билдирилүүгө тийиш.
Мындан тышкары, коштоого алынган контракта ИСД ыйгарылгандыгы тууралуу маалыматты алуу үчүн ыйгарым укуктуу банкка кайрылса болот.

**Которууга билдирме кайсыл тилде таризделинет?**

**Жооп**: Которууга билдирме Кыргыз Республикасынын расмий тилинде - орус тилинде аткарылат.

**Которууга билдирмелерди кароого алуунуну мөөнөттөрү кандай?**

**Жооп**: Ыйгарым укуктуу банк которууга билдирмени жана негиздөөчү документтерди, эсептешүүлөргө мониторинг процедурасын жана акча каражаттарын максатуу чыгымдоого контролдук жүргүзүү үчүн төмөнкүлөрдү эске албаганда, негиздөөчү документтер менен которууга билдирмени камтыган документтердин толук топтому алынган күндөн кийинки күндөн тартип 3 (үч) жумуш күнү ичинде кароого алат:

- Кыргыз Республикасынын чет жактарында катталган субподрядчылардын даректерине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына салыктык төлөмдөр, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна төлөнүүчү мамлекеттик социалдык камсыздоо боюнча төлөмдөрү, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик Бажы кызматына бажы төлөмдөрү, Кыргыз Республикасынын Салыктык жмес кирешелер жөнүнүдөгү Кодексинде каралган жыйымдар, чегерүүлөр, төлөмдөр, алар кабыл алынган күндү эске албаганда 1 (бир) жумуш күнү ичинде кароого алынат;
- Эмгекке төлөө боюнча төлөмдөр жана эмгекке төлөө фондунан тиешелүү чегерүүлөр, алар кабыл алынган күндү эске албаганда 1 (бир) жумуш күнү ичинде кароого алынат.

Белгиленген мөөнөттөр чектүү болуп саналат, иш жүзүндө которууга билддирмелер кийинки жумуш күнүнөн кечиктирилбестен кароого алынат.

**Берүүчү ыйгарым укуктуу банкка кайсыл негиздөөчү документтерди берүүсү керек?**

**Жооп**: Берүүчү банкка коштоо келишимине ылайык төлөмдүн максаттуу багытын негиздеген документтерди берүүсү зарыл.
Зарыл болгон учурларда Банк, төлөмдөрдүн максаттуу мүнөзүн аныктоо үчүн кошумча документтерди талап кылышы мүмкүн. Төлөмдөрдүн максаттуу мүнөзүн белгилеген негиздөөчү документтерди сунуштоо мүмкүн эмес болгон учурда, Банк түшүндүрмө берүү үчүн сатып алуучу уюмга кайрылууга укуктуу. Мындан тышкары, сатып алуучу уюм коштоо контрагынын маңызына жараша Банк тарабынан конкреттүү документтерди алуу зарылчылыгын белгилеши мүмкүн.

Мисалга алсак, кошо аткаруучулардын дарегине берүүчүнүн төлөмдөрү үчүн Банкка төмөндөгү документтер берилет: Контракт, келишим (аны алмаштырган документ); Контрактка, келишимге карата тиркеме (эгер болсо); баштапкы эсепке алуу документтери (товардык коштомо кагаз, өткөрүп берүү актысы, эсеп-фактура); төлөөгө эсеп; Контракт, келишим тарабынан каралган башка документтер.
Аткарылган иштер/көрсөтүлгөн кызматтарга төлөнгөн учурда, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген же Контракт, келишимде каралган формада аткарылган иштер/көрсөтүлгөн кызматтар актысы дагы берилет.
Эмгекке төлөө жана эмгек мыйзамдары тарабынан каралган жумушчуларга гарантияларжана ордун компенсация берүүлөр менен байланыштуу болгон акчалай төлөп берүү учурунда, ошондой эле иш сапар жана өкүлчүлүк чыгымдарынын ордун толтуруп берүүдө: эмгек акы келишими (эгерде болсо); которулуп берилип жаткан эмгек акы/иш сапар (өкүлчүлүк) чыгымдарынын ведомосту (реестр, маалым кат-эсептешүү).
Негидөөчү документтерлин сунуш кылынган тизмеси Банк тарабынан Эсептешүү (утурумдук) эсебин ачуу жана коштоо Келишиминин Кошумча макулдашуусуна карата №2-тиркемеде белгиленген.

---

**Отун жана күйүүчү-майлоочу материалдарды берүүчүлөр өзүнчө банктык эсеп ачуусу керекпи?**

**Жооп**: Предметинен болуп күйүүчү-майлоочу матреиалдарды берүү саналган коштоо контракттары (берүүчү жана сатып алуучу уюм ортосунда келишилген контракттар), алардын баасы (наркы) 5 000 000 сомго барабар же андан жогору болгон шартта гана банктык коштоого алынат. Аны менен катар, предмети жумуштарды аткаруу (кызмиаттарды көрсөтүү) болгон, коштоо контракттары боюнча кошо аткаруучу болуп саналышкандар күйүүчү-майлоочу материалдарды берүүчүлөр башка контрагенттерге кирген болсо, өзүнчө эсеп ачууга милдеттүү эмес.

---

**Берүүчү, коштоо контрагын аткаруу менен байланыштуу болгон, коштоо контрагы түзүлгөнгө чейин тарткан чыгымдарды компенсациялап бере алабы? Мисалы, берүүчү арматура ишин алып барат, мурда өзүнүн коммерциялык максаттарына ири партияда арматура сатып алган болсо?**

**Жооп**: Коштоо контрагын аткаруу максатында ачылган өзүнчө эсепти пайдалануу тартиби, коштоо контрагын аткаруу менен байланыштуу болгон, коштоо контрагы түзүлгөнгө чейин тарткан чыгымдардын ордун толтуруп берүүгө (компенсациялоого) жол берет. Ошентип, сатып алуу уюмунан өзүнчө эсепке төлөө эсебин алгандан кийин (аванс/аткарылган иштерге төлөө түрүндө) берүүчү ошондой чыгымдар фактысын жана алардын коштоо контрагын аткарууга тиешелүү экендигин тастыктаган тиешелүү негидөөчү документтерди сунуштоо аркылуу коштоо контрагын аткаруу менен байланыштуу болгон, коштоо контрагы түзүлгөнгө чейин тарткан чыгымдардын ордун толтуруп берүүгө мүмкүнчүлүк алат.
Өзүнчө эсепти пайдалануу менен гана коштоо контрагын аткарууга байланыштуу болгон милдеттенмелер, берүүчүдө коштоо контрагы түзүлгөн күндөн тартып келип чыгаарын белгилей кетүү керек.

Белгиленген операцияны өзүнчө эсептен жүзөгө ашыруу үчүн сатып алуучу уюм банктык коштоого билдирмеде өзүнчө эчеп боюнча төмөндөгү уруксат берилген операцияны кароого алууга тийиш:

«*Коштоого алынган контракт түзүлгөн күнгө чейин өздүк акча каражаттарынын эсебинен тартылган чыгашалардын ордун толтуруу (компенсациялоо) максаттарында, өзүнчө эсептен өзүнчө эсеп болуп саналбаган жеке банктык эсептерге акча каражаттарын которуу*».

Бул жерде, аталган операцияны жүзөгө ашыруу берүүчү (кошо аткаруучу) тарабынан тиешелүү негиздөөчү документтер (келишим (аны алмаштырган документ), келишимге карата тиркемелер (болсо), баштапкы документтер (эсеп-фактуралар, акт, товардык (транспорттук) коштоо баракчасы, универсалдуу өткөрүп берүү документи), төлөөгө эсеп (болсо), келишим тарабынан каралган башка документтер, татылган чыгымдар фактысын тастыктаган, которууга билдирменин көчүрмөсү берилген учурда гана мүмкүн экендигине көңүлүңүздөрдү бурабыз.

---

**Өндүрүш ыргагын эсепке алуу менен материалды сатып алуу өлчөмү утуп чыккан тендер документтеринде белгиленген өлчөмдөн ашып кетти. Ашып калганды эмне кылуу керек?**

**Жооп**: Ашыкча алынган материалдарды пайдалануу же сатып өткөрүү маселелери компаниянын компетенциясына кирет, анын чарбалык иш мүнөзүнө жараша болот жана компаниянын ишкердик тобокелдигин тескөө тармагына таандык болот. Аталган маселелер банктык коштоого тиешеси жок .

---

**Субподрядчылар өзүнчө банктык эсеп ачуусу керекпи?**

**Жооп**: Тартиптин 5-пунктуна ылайык, коштоо контрактын аткарууга тартылган жактар кошо аткаруучулар, башкача айтканда, контракттарды банктык коштоо катышуучулары болуп саналышат, аларга 13-пунктта белгиленген милдеттенмелер ыйгарылат, тактап айтсак:

- контрактты коштоо боюнча берүүчүнүн өзүнчө эсеби ачылган ыйгарым укуктуу банкта өзүнчө эсеп ачуу;
- бардык эсептешүүлөрдү, анын ичинде кошо аткаруучулар менен эсептешүүлөрдү ыйгарым укуктуу банкта ачылган өзүнчө эсепти пайдалануу менен ишке ашыруу;

Мында, коштоо контракгын аткаруу учурунда эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн баардык жактар эле өзүнчө эсеп ачууга милдеттүү эмес. Сатып алуучу уюм коштоо контрагын банктык коштоо билдирмесинде эсептешүүлөр өзүнчө эсепти пайдалануусуз ишке ашырыла турган башка контрагенттердин тизмесин кароого алат (Банктык коштоо жөнүндө келишимдин типтүү формасынын 2-тиркемесинин 3.2.-пункттун караңыз (Буйрукка карата 5-тиркеме).

---

**Ыйгарым укутуу банктын жооптуу кызматкерлеринин контакттары?**

**Жооп**: Банктык коштоо маселелери боюнча коммуникация үчүн ыйгарым укуктуу жактардын контакттары ыйгарым укуктуу банктардын сайттарында жайгаштырылган.

Ыйгарым укуктуу банктын сайтына өтүү үчүн тиешелүү шилтемени басыңыз:

«Айыл Банк» ААКысы: https://ab.kg/bankovskie-uslugi-uslugi_bsk/uslugi_bsk
«Керемет Банк» ААКысы: https://keremetbank.kg/ru/business/bankovskoe-soprovozhdenie-kontraktov

«РСК Банк» ААКысы: https://www.rsk.kg/ru/ur/bsoprovojdenie

**Ыйгарым укуктуу банк начар иштеп жатса кайда кайрылуу керек?**

**Жооп**: Ыйгарым укуктуу банктын аракеттерине даттануулар, сын–пикир жана кине коюулар болсо контракттарды банктык коштоо тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган катары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, төмөндөгү жактарга кайрылсаңыздар болот:

____________

**Эгерде менин контрагентим өзүнчө эсеп ачуудан баш тартып жатса, эмне кылуум керек?**

**Жооп**: Өзүнчө эсеп ачууга милдеттүү болгон контрагенттен баш тартуу алынган учурда, андай контрагенттерге өзүнчө эсеп ачуудан баш тартуу себептерин көрсөтүү менен сатып алуучу уюмга жана ыйгарым укуктуу банкка маалымат берүү зарыл.
Ыйгарым укуктуу банктын кызматкери менен биргеликте (зарыл болсо сатып алуу уюмунун өкүлү дагы) андай контрагент менен түшүндүрмө ишин жүргүзүү керек.
Тартип тарабынан белгиленген күндө контрагент тарабынан өзүнчө эсеп ачылбаса, тиешелүү жөнгө салуу чарасын кабыл алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине маалымат берүү зарыл.

**Олуттуулук лимити товарларды өндүрүүчүлөргө жана алардын дилерлерине таркатылабы?**

**Жооп**: Олуттуулук лимити товар өндүрүүчүлөр жана алардын дилерлери менен контракттарды кошо алганда, товарларды берүү менен байланыштуу болгон контракттар үчүн белгиленбейт жана 0,00 сомго барабар катары таанылат.
Ответ: Бул учурда олуттуулук лимити колдонулбайт. Товарларды тикелей өндүрүүүлөр жана алардын дилерлери башка контрагенттер тзмесине киргизилген (банктык коштоого типтүү билдирменин 3.2-пунтчасы) жана алар менен эсептешүүлөр андай жактардын өзүнчө эсеп ачуусун талап кылбастан, олуттуулук лимитиннин өлчөмүн эске алуусуз, алардын банктык эсептерине ишке ашырылат.
Ошондой эле, сатып алуучу уюмдун “Банктык коштоодо олуттуулук лимити кандай колдонулат?” суроосуна жоопту караңыз

**Өзүнчө эсеп канча убакытта ачылат, кандай (кайда) документтерди берүү керек болот?**

**Жооп**: Өзүнчө эсеп, банкка эсеп ачуу үчүн зарыл болгон бардык докуменеттер берилген учурдан тартып бир банктык күн ичинде ачылат. Эсепти ачуу үчүн зарыл болгон документтердин тизмеси ыйгарым укуктуу банктардын сайттарында жайгаштырылган.
Ыйгарым укуктуу банктын сайтына өтүү үчүн тиешелүү шилтемени басыңыз:

«Айыл Банк» ААКысы: https://ab.kg/bankovskie-uslugi-uslugi_bsk/uslugi_bsk
«Керемет Банк» ААКысы: https://keremetbank.kg/ru/business/bankovskoe-soprovozhdenie-kontraktov

«РСК Банк» ААКысы: https://www.rsk.kg/ru/ur/bsoprovojdenie

---

**Өзүнчө эсептен коштомо чыгашалар боюнча төлөмдөрдү ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрү кандай? Олуттуулук лимити коштомо чыгашалар боюнча төлөмдөргө таркатылабы?**

Жооп: Олуттулук лимити деген, коштоого алынган контрактын аткарылышы алкагында кошо аткаруучулардын (субподрядчы, берүүчү) ар бири менен келишилген контракттардын жеткен чектеги жалпы суммасын түшүндүрөт, андан ашып кетпөө аларды өзънчө эчеп ачуусуз эсептешүүгө болот башка контрагенттерге киргизүү үчүн негиз болуп саналат. Олуттуулук лимити Буйрук менен бекитилген банктык коштоо келишиминин типтүү формасына карата тикеме болуп саналган банктык коштоого типтүү билдирменин 2-пунктунда белгиленет.

Банктык коштоого билдирменин 3-пунктунун 3.2-пунктчасын менен өзүнчө эсеп ачуусуз эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө боло турнган башк контрагенттердин тизмеси аныкталган. Банктык коштоо билдирмесинин 3.2-пунтчасынын 18-абзацына ылайык башка контрагенттерге “*Коштоо контрагынын/контракттын баасынын/наркынын ___ % өлчөмүндө, коштомо чыгашаларга тиешелүү болгон товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү тикелей берүүчүлөр, бирок аны менен чектелбегендер...” киргизилген. Ошентип, өзүнчө эсеп ачуусуз аталган жактар менен эсептешүүлөр, үчүнчү жактардын даректерине төлөм суммалары белгиленген олуттуулук лимитинен ашык кеткен учурда дагы, сатып алуучу уюм тарабынан белгиленген өлчөм чектеринде жүзөгө ашырылышы мүмкүн*.

Жогоруда белгиленгендерди эске алуу менен сатуп алуучу уюмдарга жана берүүчүлөргө банктык коштоого билдирмеде кошумча чыгашалардын кол берилген пайыздык өлчөмүн белгилеп алууга көңүл бурууну сунуш кылабыз.

---

**Кошо аткаруучу деген ким? Жеке ишкерлер кошо аткаруучу боло алабы?**

Жооп: “Кошо аткаруучу” термини Тартиптин 1-главасынын 2-пунктунун 4-пунктчасында келтирилген. Кошо аткаруучу деп, коштоого алынган контрактты аткарууга тартылган, коштоого алынган контракты аткаруу алкагында эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн өзүнчө эсеп ачууга милдеттүү болгогн жак саналат. Тартиптин 3-главасынын 5-пунктунун 5-пунктчасына ылайык Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ резиденттери болгон кошо аткаруучулар, банктык коштоо келишиминде каралган учурларды эске албаганда, банктык коштоонун катышуучулары болуп саналышат. Банктык коштоого типтүү форманын 3.2-пунктчасынын 14-абзацында (банктык коштоо келишимине карата тиркеме) өзүнчө эсеп ачууга милдеттүү болушпаган башка контрагенттердин тизмеси келтирилген. Башка контрагенттерге, берүүчүнү берүүчүнүн (кошо аткаруучунун) жумушчусу болуп саналган же жарандык-укуктук келишимдин негизинде иштеген жеке адамдар да кошулган. Мындай өзгөчөлүк жеке ишкер катары катталбаган, бирок ошол эле учурда алар жеке эмгектенишкен жана патенттин негизинде иш алып барышы мүмкүн болгон жеке адамдарга гана каралган. Өз статусунан (укугунан) улам туруктуу негизде ишкердикти жүзөгө ашырышкан жеке ишкерлер аталган жактарга кирбейт жана алар башка контрагенттердин башка категорияларына кирип калбаган кезде, коштоого алынган контрактты аткаруу учурунда эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн өзүнчө эсепти ачууга милдеттүү эмес.

**Берүүчү (кошо аткаруучу) өзүнчө эсептен жеке адамдарга акча каражаттарды которууну (берүүнү) кантип аткарышы керек?**

Жооп: Банктык коштоого билдирменин типтүү формасынын 4.2-пункттчасынын к) кичи пунктуна ылайык, өзүнчө эсептен *"эмгекке төлөө, жумушчулардын эмгекке төлөө фондунан башка төлөмдөрдү, кызматтык иш сапарды жана өкүлчүлүк чыгымдарды төлөө, жарандык-укуктук келишим боюнча жеке адам милдеттерин аткаргандыгы үчүн төлөөлөрдү эске албаганда, жеке адамдарга акча каражаттарын которуу (берүүгө) жол берилбейт"* деп белгиленген.

Ошентип, өзүнчө эсеп боюнча тиешелүү негиздөөчү документтердин негизинде эмгекке төлөө, жумушчулардын эмгекке төлөө фондунан башка төлөмдөрдү, кызматтык иш сапарды жана өкүлчүлүк чыгымдарды төлөө, жарандык-укуктук келишим боюнча жеке адам милдеттерин аткаргандыгы үчүн төлөөлөрдү ишке ашырууга гана жол берилет.

Мындан тышкары, берүүчүдө (кошо аткаруучуда) ыйгарым укуктуу банктан тышкаркы банкта айлык акы долбоору боюнча тейленүүгө алынуусу тууралуу келишими (кассалык тейлөө келишими) болгон болсо, анда тиешелүү негиздөөчү документтерди берүү шартында эмгекке төлөө, жумушчулардын эмгекке төлөө фондунан башка төлөмдөрдү, кызматтык иш сапарды жана өкүлчүлүк чыгымдарды төлөө, жарандык-укуктук келишим боюнча жеке адам милдеттерин аткаргандыгы үчүн төлөөлөрдү ишке ашыруу үчүн өзүнчө эсептен аталган банкта ачылган эсепке акча каражаттарын которууга жол берилет.

---

**Берүүчү (кошо аткаруучу) контраттык коштоону аткаруунун жүрүшүндө товарларды накталацй эсептешүү жолу менен сатып алуудан улам тарткан чыгымдарын кантип компенсациялай алат?**

Жооп: Аталган операцияны өзүнчө эсептен жүзөгө ашыруу үчүн сатып алуучу уюм, өзүнчө эсеп боюнча тизмеге төмөнкү операцияларга уруксат берүүнү толуктап киргизүү жолу менен банктык коштоо билдирмесинде банктык коштоонун жеке параметрлерин белгилеп алышы мүмкүн:

*«Коштоо контрактына келишилген күндөн кийин, Коштоо контракты тарабынан белгиленген олуттуулук лимитинин чегинде, бирок Коштоо контракттынын наркынан 5% ашпаган суммада товарларды нак эсептешүү жолу менен сатып алууга байланыштуу өздүк каражаттардын эсебинен тартылган чыгымдарды компенсациялоо максатында, өзүнчө эсептен өзүнчө эсеп болуп саналбаган банктык эсептерге акча каражаттарын которуу (өзүнчө эсептен нак акча каражаттарын берүү);».*

Аталган операцияны жүзөгө ашыруу берүүчү (кошо аткаруучу) тарабынан тиешелүү негиздөөчү документтер (кассалык/товардык чек, сатып алуу актысы) берилген учурда гана жүзөгө ашырыларыла тургандыгына көңүлүңүздөрдү бурабыз